КИ № 56/20-Ч6

ӨКҮМ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН

26-февралы 2020-жыл Сокулук айылы

Чүй областынын Сокулук райондук сотунун курамында:
Торагалык кылуучу: Т.Т.Масыбаев,
сот отурумунун катчысы: Б.Абдылдаева,
мамлекеттик айыптоочу:Д.Далимбаев,
жактоочу: А.Ш. жабырлануучунун мыйзамдуу окулу Б.у.М. катышуусу менен ачык соттук отурумда 01-февраль 1968-жылы Чуй областында туулган, улуту кыргыз, билими орто, мурда соттолгон эмес, убактылуу иштебеген, бөгөт коюу чарасы 2019-жылдын 30-сентябрынан бери камакта, Чүй облусунун, Сокулук районунун Биринчи Май айылынын Малабек кочосунун №43-уйунун тургуну, айыптоо актысын көчүрмөсүн алган, Кыргыз Республикасынын ЖК-нин 130-беренесинин 2-болүмүнүн 3-пункту менен И.Б.К. айыпталган кылмыш ишин карап чыгып төмөнкүнү, сот ТАПТЫ:

Тергөө органдары тарабынан айыпталуучу Б.И. атайлап өзгөчө оор кылмыш жасады деп айыпталат.

Тактап айтканда, ал 2019-жылдын 30-сентябрь куну саат танкы 04.00 чамаларында озунун жашап турган Сокулук районунун Биринчи Май айылынын Малабек кочосунун №43-уйунон, жубайы 15.11.1976-жылы туулган Б.М.А. олтурууну коздоп, эки ай мурда сатып алган жыгач саптуу балта менен жабырлануучу М.Б. уктап жаткан учурда, ошол эле даярдап жургон балта менен баш болугуно бир нече ирет миизи жана арткы тарабы менен чаап мыкаачылык менен олтуруп, окуя болгон жерден изин жашырып качып кеткен.

Дайындалган соттук медициналык экспертизанын 02.11.2019-жылы берген №206 сандуу корутундусуна ылайык Б.М.А. баш мээсинен алган жаракаттан, баш-мээ соогунун ачык турдогу алган жаракатынан улам каза болуп, келтирилген жаракат “оор” жаракат экендиги аныкталган.

Окуя болгон жерден алынган далил буюмдарына карата соттук биологиялык экспертиза дайындалып, соттук биологиялык экспертизанын 06.11.2019 жылы берген №369/К-64 сандуу корутундусуна ылайык алынган жыгач саптуу балтада, шейшепте, тампон ваталарда, Б.И.дин озунун кийип жургон жемпиринде жабырлануучу Б.М.А.нын канынын тактары экенидиги аныкталган.

Айыпкер И.Б.К. озунун кылмыштуу аракеттери менен Кыргыз Республикасынын Жазык кодексини 130-берене 2-болумундо 3-пунктунда корсотулгон кылмыш ишин жасаган.

Айыпкер И.Б.К. тарабынан жасалган кылмыштын квалификациялык белгилери болуп “киши олтуруу” башкача айтканда башка кишинин омурун кыюу менен коштолгон, озгочо мыкаачылык менен жасалган аракеттер болуп саналат.

Айыпталуучу И.Б.К. сот отурумунда куноосун толугу менен мойнуна алып томондогудой корсотмо берди, ал мурда эле базардан эки ай мурун 400 сомго жаны балта алып сарайга катып койгон, аялын олтуройун деп, анткени эки жылдан бери аялы башын оорутуп, телевизор корсо очуруп салып, жинине тийе берчи, 29-сентябрь куну озу кечке чейин эле уйдо болуп, анан кечинде келинчеги Мирагул менен кичине

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

баласы Тынчтык саат 23:00 чамаларында уктаганы жатышып, ал ошол келинчеги менен баласы жаткан болмодо телевизор коруп жаткан, экоо тен уктап калышкан, ал болсо туну боюу эле уктабай, келинчеги Мираны атайын олтуройун деп убакытты кутуп жаткан, саат 04.00 чамасында сарайдан мурда эле сатып алган балтаны алып келип, уктап жаткан жеринен башка балта менен уч-торт жолу чаап салып, олгондон кийин баласы качан ойгонот деп кутуп отурган, баласы танга маал ойгонгондон кийин, пакетке спрайт жана вафли салып алып кошунасына баласын таштап кеткен. Кылган кылмышына эч окунбойм, мен мурун эле олтуройун деп жургом, аны баарибир олтурмокмун деп билдирди.

Жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлү Б.у.М. сот отурумунда томондогудой корсотмо берди, 2019-жылдын 29-сентябрь куну мен эртен менен уйдон туруп алып эле жумушка кеткен, кечине Раздольный айылында таяэнесиникинде калган. 30-сентябрь куну эртен менен саат 09:00 чамасында кошуна жашаган Аида деген эже ага чалып, уйго батыраак кел деп айткан. Ал Бишкек шаарынан Шлагбаумдан маршруткага олтуруп саат 10:00дон отуп калганда уйуно келген. Ал уйго келсе уйдо адамдар коп, кошунанын баары чогулуп калыптыр, анан ага болгон окуя боюнча кошуналар айтып беришкен деп жана атасын керигенин сотко айтып корсотмо берди.

Сот отурумда кубо М.Д.О., томондогудой корсотмо берди, 2019-жылдын 30-сентябрь куну саат 07:00дон отуп калганда ал уй-булоосу менен уктап жатканда, эшиктен бироонун кыйкырып чыкырып жаткан унун угуп, уйдон сыртка чыкса Бахыт байке уйдун эшигинин алдында баласы менен туруптур, ал ага эмне болду десе, уйго кирип келип эле жененди олтуруп койдум деген, колунда пакет бар болчу, баламды карап тургула деп чыгып кетти, ал кайда барасыз десе РОВДга барам деп кетип калган, ал озу эси ооп отуруп калган, бир аздан кийин уйуно барса элдер келип калыптыр, чынында эле олтуруп салыптыр деп корсотмо берди.

К.Г.И.Р. сотко арыз келип тушкон, ал арызында кичинекей балдары болгондуктан сот отурумуна келе албасын жана тергоодо берген корсотмосун толугу менен колдоорун билдирген, тергоодо берген берген корсотмосундо, 2019-жылдын 30-сентябрь куну саат 07:00 ден отуп калганда алар уй-булоосу менен уктап жатышкан болушчу, ошол учурда эшиктен бироонун жолдошу Далир, Далир деп кыйкырганы угулду, жолдошу караганы чыгып кеткен, жолдошу Далир караганы чыгып эле биз экинчи кабатта болгондуктан Далир мени тушпойсунбу деп чыкырып калды. Ал тушсо кайнагасы Бакыт туруптур, жанында Тынчтык деген баласы менен, Бакыт байкенин колунда эки пакет, пакеттин ичинде бироо бафли, бироосундо спрайт бар экен. Ошол учурда Бахыт байке уйдун кире беришндеги чай ичкен жерде олтурган экен, ал чай койойун деп эле баштаганда, Бахыт байке жолдошу Далирди чыкырчы деп ал чай койойун дегенине болбой эле мандайыма олтурчу бир нерсе айтайын деген. Ал ошол жерден баласы Тынчтыкты балам Алихандын жанына чыгарып жиберип, ал Далирди чыкырып Бакыт байкенин мандайында олтурган. Ошол учурда Бакыт байке мен кетип жатамын, Россиядагы балам Мирлас 12-октябрда келет, ошого чейин Тынчтыкты карай тургула деди. Ал макул мектепке жиберип турамын дегенде эле, ал мектепке жибербей эле кой деди. Ошондой эле колунда кошёлок бар экен мунун ичинде 10 000 сом акча бар ортончу балам Мирбекке бересинер деди. Андан кийин эле мен келбей турган жака кетип жатамын дегенде биз ойлоппуз баласын бизге тапшырып озуно кол салганы жатабы деп, ошондо Бакыт байке мен жененерди олтуруп салдым, деп айтканда биз шок болуп олтуруп калдык. Бакыт байке мен озум милицияга барып кармаламын деп уйдон чыгып алып кетип калды. Мен ошондо коркуп кетип озумду жоготуп жатканда жолдошум мага валерьянка берип жатты. Ошол эле учурда кайнагабыз Салмоорбек келип калып, ал айтты чын эле олтуруп салыптыр, мен кирип карасам устуно тошок жаап салыптыр деп айтты. Биз ошондо Бакыт байкенин аялын олтуруп салганына

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

ишендик. Бизге келгенче эле Салмоорбектерге да чалып айткан экен алар да чогулуп келип калышты деп корсоткон.

А.Б.К.И. өз күнөөсүн мойнуна алса дагы, анын күнөөлүгү төмөндөгү далилдер менен толук далилденет деп сот эсептейт:

А.Б.К.И.дин озунун сотко берген корсотмосундо. Ал толугу менен куноосун мойнуна алгандыгын, бул кылмышка барганын окунбогонун жана 2-ай мурун эле базардан 400 сомго балта сатып алганын, алдын ала олтургонго даярданып жургонун, бирок баарибир олтурмок экенин корсоткон.

- жабырлануучунун мыйзамдуу окулу Б.у.М. сотко берген көрсөтмөсүндө. Ал 30-сентябрь куну эртен менен саат 09:00 чамасында кошуна жашаган Аида деген эже ага чалып, уйго батыраак кел деп айткан. Ал Бишкек шаарынан Шлагбаумдан маршруткага олтуруп саат 10:00дон отуп калганда уйуно келген. Ал уйго келгенде, уйдо адамдар коп, кошунанын баары чогулуп калыптыр, анан ага болгон окуя боюнча кошуналар айтып беришкен деп корсоткон.

Күбө Д.О.М. сотко берген көрсөтмөсүндө. Ал 2019-жылдын 30-сентябрь куну саат 07:00 ден отуп калганда ал уй-булоосу менен уктап жатканда, эшиктен бироонун кыйкырып чыкырып жаткан унун угуп, уйдон сыртка чыкса Бахыт байке уйдун эшигинин алдында баласы менен туруптур, ал ага эмне болду десе, уйго кирип келип эле жененди олтуруп койдум деген, колунда пакет бар болчу, баламды карап тургула деп чыгып кетти, ал кайда барасыз десе РОВДга барам деп кетип калган, ал озу эси оол отуруп калган, бир аздан кийин уйуно барса элдер келип калыптыр, чынында эле олтуруп салыптыр деп корсоткон.

Андан тышкары соттук медициналык экспертизанын 02.11.2019-жылы берген №206 сандуу корутундусу менен анда Б.М.А. баш мээсинен алган жаракаттан, баш-мээ соогунун ачык турдогу алган жаракатынан улам каза болуп, келтирилген жаракат “оор” жаракат экендиги аныкталган. (иш.б.33-36)

Андан тышкары соттук биологиялык экспертизанын 06.11.2019-жылы берген №369/К-64 сандуу корутундусуна ылайык алынган жыгач саптуу балтада, шейшепте, тампон ваталарда, Б.И.дин озунун кийип жургон жемпиринде жабырлануучу Б.М.А.нын канынын тактары экенидиги аныкталган. (иш.б.82-86)

-олукту кароо жана окуя болгон жерди кароо протоколу жана сүрөт таблицалары (иш б. 5-28), буюмду оз ыктяры менен беруу протоколу (иш б. 51), далил буюмду кароо протоколу жана далил буюм деп табуу токтому (иш б. 77-79), иш боюнча жүргүзүлгөн башка тергөө амалдары тууралуу протоколдору жана чогулган башка материалдары. Атап айтканда, материалдагы далилдерди талдап, башка далилдер менен салыштырып, жалпы жыйындысын анализдеп, баа берип, сот аларды иш боюнча маанилүү, тийиштүү жана сот чечиминин негизин салууга мүмкүн болгон далилдер катарында табат.

Сот айыпталуучуну, жабырлануучунун мыйзамдуу окулун жана сот отурумунда берген кубололдун корсотмолорун угуп, жана иштин башка материалдарын изилдеп, анализдеп, айыпталуучу Б.К.И.дин күнөөлүгү төмөндөгү далилдер менен толук далилденет жана анын кыймыл аракети Кыргыз Республикасынын ЖК-нин 130-беренесинин 2-бөлүмүнүн 3-пункту менен киши олтуруу-башка кишинин омурун кыюу, озгочо мыкаачылык менен деп туура квалификацияланган деп сот эсептейт.

Жаза чектөөдө жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жагдай катары мурда сот жообуна тартылган эмес жана жабырлануучунун мыйзамдуу окулу (баласы) кечирип соттон женилирээк жаза беришин отунгону, ал эми оордотуучу жагдайлар катарында жабырлануучуга озгочо мыкаачылык менен кылмыш жасаганы.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде жана Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 309-312, 315-316, 317-322, 323,324 - беренелерин жетекчиликке алып, сот

ө к ү м к ы л а т:

И.Б.К. Кыргыз Республикасынын ЖКнин 130-беренесинин 2-болумунун 3-пунтунда көрсөтүлгөн кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылып VI категориядагы т.а 14 (он торт) жылга эркиндигинен ажыратылсын.

Жазаны өтөөсү 2019-жылдын 30-сентябрынан окум кучуно киргенге чейин Кыргыз Республикасынын ЖКнын 81-беренесинин 5-болугуно ылайык алдын ала кармоо мөөнөтүнүн 1 (бир) күнү 1 (бир) күнгө барабар деп эсептелсин.

И.Б.К.тин камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасы камакта бойдон озгортуусуз калтырылсын.

Окум кучуно киргенден кийин Сокулук РИИБнин далил буюм заттарын сактоочу жайындагы целофан пакетте салынып номерленген далил буюм заты ток когуш тустогу эркектердин жемпири, шейшеп тошокко салынуучу, ваталар жана жыгач саптуу балта -жок кылынсын.

Окумго наароазы тарап 30 кундук моонотто апелляциялык тартипте Чуй областык сотуна даттанууга укуктуу.

Төрагалык кылуучу Т.Т.Масыбаев

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда